УДК 81’367:81.367.332.6

Ибраева А.Э.

К.Тыныстанов ат. ЫМУ

"МАНАС" ЭПОСУНДА СҮЙЛӨМДӨРДӨГҮ БАШ МҮЧӨЛӨРДҮН ОРУН АЛУУ БАГЫТЫНЫН ӨЗГӨРҮШҮНӨ ТААСИР ЭТҮҮЧҮ ФАКТОРЛОР

Бул макалада "Манас" эпосунда сүйлөмдүн баш мүчөлөрүнүн орун алуу багыты, ал багытттын аткарган милдеттери (грамматикалык, стилистикалык, маанилик) жана баш мүчөлөрдүн орун алуу багытына таасир этүүчү факторлор жөнүндө маалымат берилди.

Сөздөрдүн түз орун тартиби - баштапкы, алгачкы көрүнүш. Ал эми өзгөргөн орду (инверсия) экинчи кубулуш, б.а., түз орун тартиптин базасында келип чыккан кубулуш.

"Манас" эпосунда да сүйлөмдөрдөгү сөздөрдүн орун алуу багытынын өзгөрүшүнүн натыйжасында сөз маанисинин өзгөрүшү (кошумча мааниге ээ болушу, басаңдашы, күчөтүлүшү, төмөндөшү, начарлашы, өркүндөтүлүшү) сөздөрдүн орун тартиби аркылуу тейленет.

Макалабызда сөздөрдүн орун тартибинин өзгөрүшүнө таасир этүүчү факторлор - логикалык басым, интонация, поэзиядагы уйкаштык, ырдын түзүлүшү, сүйлөмдүн грамматикалык түзүлүшү, ж.б. жөнүндө илимий маалыматтар бермекчибиз.

Сүйлөмдөгү сөздөрдүн орун алуу багыты боюнча тил илиминде илимий көп пикирлер бар. Бул маалыматтар сөздөрдүн орун алуу багытынын функцияларын, сөздөрдүн орун алуу багытынын өзгөрүшүнө таасир этүүчү факторлорду ж.б. изилдөөдө илимий багыт, илимий жол көрсөтө алат. Чындыгында, илим жана маданияты өнүккөн элдердин таасири өз кезегинде кыргыз элинин сөз маданиятынын өнүгүшүнө да таасирин тийгизген. Маселен, бул багытта орус лингвистикасынын да салымы зор.

Орус окумуштуулары сөздөрдүн орун алуу багытынын өзгөрүшүнө таасир этүүчү факторлорду жана орус тилиндеги эркин орун алуунун себептерин ачышкан. Бирок бул маселенин чечилиши тилдин тарыхый башка маселелери менен байланышкандыктан, орус окумуштууларын ар түрдүү жыйынтыкка, пикирге алып келген. Маселен, А.А. Шахматов, Т.В. Коломиец ж.б. окумуштуулар орус тилиндеги сөздөрдүн орун алуу багыты грамматикалык функцияны гана аткарат дешсе, А.М. Пешковский, Д.А. Будагов, А.Б. Шапиро ж.б. окумуштуулар орус тилиндеги сөздөрдүн орун тартиби стилистикалык функцияны аткарат деп эсептешкен. Ал эми А.В. Щерба, Л.А. Булаховский, Е.М. Галкина-Федорук, В.Г. Орлова ж.б. сөз болуп жаткан маселеге жогоруда аталган эки функция тең таандык деп эсептешкен. Акад. В.В. Виноградов орус тилиндеги сөздөрдүн орун тартиби айрым гана учурларда грамматикалык мааниге ээ экендигин айтып, анын үч функциясын белгилеген: грамматикалык, стилистикалык жана маанилик.

Орус тилиндеги сөздөрдүн орун алуу багыттарын стилистикалык каражат деп эсептегендер сүйлөмдөгү сөздөрдүн орду эркин деген пикирди айтышса, аны грамматикалык каражат катары эсептегендер туруктуу деген пикирде болушкан.

Кайсы гана түзүлүштөгү тил болбосун, мейли андагы сөздөрдүн орду стилистикалык жактан эркин, же грамматикалык жактан туруктуу мүнөзгө ээ

болсо да, сүйлөмдөгү сөздөрдүн кадыресе түз орду жана өзгөргөн учуру болушу мүмкүн.

Жалпы тил илиминде, анын системасында орус тил илиминде да мындай пикирлер кездешет: синтетикалык каражаттар (сөз өзгөртүүчү каражаттар) көбүрөөк өнүккөн латын, орус тилдеринде сүйлөмдөгү сөздөрдүн орун тартиби эркин, абдан эле өзгөрмөлүү, ал эми синтетикалык каражаттар азыраак өнүккөн тилдерде (ага түрк тилдери да кирет) сөздөрдүн орун тартиби анчалык эркин эмес, б.а., сүйлөмдөгү сөздөрдүн орун алуусу белгилүү даражада туруктуу мүнөздө болот дешкен. Бул айтылгандардын туура жактары да, мүчүлүшү да бар. Мисалы, түрк тилдеринде, анын арасында кыргыз тилинде да аныктооч менен аныкталгычтын өз ара орун алуу багыты туруктуу мүнөздө болот: эреже катары ыкташуу жолу боюнча байланышкан аныктооч аныкталгычтан мурда жайгашат. Бул көрүнүш прозалык чыгармалар үчүн мүнөздүү. Ал эми поэзияда уйкаштыкка байланыштуу өзгөрүүгө дуушар болот. Экинчиден, грамматикалык формалары окшош болгон баш мүчөлөрдө, тагыраак айтканда, атооч жөндөмөсүндөгү зат атоочтук, же ушул эле жөндөмөдөгү зат ордуна колдонулган баяндоочтуу сүйлөмдөрдө ээ менен баяндоочтун орду туруктуу болот: сүйлөмдө мурда айтылган атооч жөндөмөсүндөгү зат атооч синтаксистик милдети боюнча сүйлөм ээсинин милдетин аткарса, кийин айтылганы, б.а., сүйлөмдүн акыркы бүткөн чегинде айтылганы баяндоочтук милдет аткарат:

1) **Манас -** кыргыздын **колдоочусу** (Жайсаң Үмөт уулу. Айкөл Манас).

2) **Ысык-Көл - Ыйык-Көл. Ыйык-Көл деген** - анын байыркы **аты**. (Кыргыз санжырасы).

3) Арбыган экен кийиги,
Анжыян, Кашкар арасы,
Ала-Тоонун бийиги.
Андагы **аты - Ара-Түз**... (С.Каралаев «Манас». 169-б.)

4) Кебез белбоо, кең өтүк,
Келберсиген көйкашка,
кечилдин **каны - Коңурбай**. (17-б.)

Бул сүйлөмдөрдөгү баш мүчөлөрдүн ордун алмаштырууда сүйлөмгө эч кандай кошумча маани берилбейт. Бар болгону, баш мүчөлөрдүн синтаксистик милдеттери гана алмашат: сүйлөмдүн баштапкы вариантында ээлик милдет аткарганы баяндооч, ал эми баяндоочтук милдет аткарганы сүйлөм ээси болуп калат: 1) Кыргыздын **колдоочусу** - **Манас**. 2) **Ыйык-Көл - Ысык-Көл**. 3) **Ара-Түз** - андагы **аты**. 4) **Коңурбай -** кечилдин **каны.**

Мындай түзүлүштөгү сүйлөмдөрдүн баш мүчөлөрүнүн ордун алмаштыруунун зарылдыгы жок.

Грамматикалык формасы окшош болгон (эки баш мүчөсү тең атооч жөндөмөдө турган) баш мүчөлөрдүн кыргыз тилиндеги орун алуусу орус тили үчүн деле мүнөздүү: **Ч. Айтматов -** великий **писатель**. (К. Асаналиев) Великий **писатель - Ч. Айтматов**.

Түрк тилдеринде мүчөсүз (табыш жөндөмөнүн мүчөсү) айтылган тике толуктоочтун өтмө этиштик баяндоочко карата алган орду да туруктуу мүнөздө болот: баяндоочтун дал алдынан мүчөсүз тике толуктооч орун алат:

1) Мен **<u>китеп</u>** окудум.

2) Эжем **<u>кат</u>** жазды (оозеки кептен).

3) Мен **<u>кордук</u>** көрдүм жашымдан,
Ага-иниден айрып,

Азап тартып башынан.
Маңгулда жүрдүм **мал** сактап,
Манжулардын журтунда
Басып жүрдүм **жан** сактап.
(С.Каралаев «Манас», 13-б.)

Сөз болуп жаткан конструкциядагы сөз айкаштарындагы (ыкташа байланышкан аныктооч+аныкталгыч) жана сүйлөмдөрдөгү асты сызылган сөздөрдүн (сүйлөм мүчөлөрүнүн) орду "Манас" эпосунда деле туруктуу мүнөздө экендиги байкалат:

1) Эл **атасы** - эр **Манас**.
2) Кан Манастын ордосу,
Каалгасы - сом **калай**,
Кабарын адам чалбаган…
3) Айткан **кеби** - аткан **ок,**
Адамда мындай борум жок…
(С.Орозбаков «Манас, 189-б.)

Түрк тилдериндеги, анын ичинде кыргыз тилиндеги илимий маалыматтарга караганда, жогоруда айтылган конструкциялардан башка түзүлүштөгү сүйлөмдөрдө сөздөрдүн орун алуу багыттары стилистиканын талабына ылайык эркин болору белгилүү.

Бардык түрк тилдеринде, анын системасында кыргыз тилинде да баш мүчөлөр - сүйлөм ээси жана баяндооч - сүйлөмдү уюштуруучу зарыл элементтер болуп кызмат аткарат. Ушул негизде баш мүчөлөрдү тил илиминде сүйлөмдүн биринчи даражадагы мүчөлөрү деп эсептейт.

"Баш мүчөлөрдүн орду жөнөкөй сүйлөмдүн составына карата аныкталууга тийиш. Ушул негизде алганда кыргыз тилинде составы жагынан баш мүчөлөрдөн гана түзүлгөн сүйлөмдөрдө ээ баяндоочтон мурда, баяндооч ээден кийин орун алат. Баш мүчөлөрдүн мындайча жайгашуусу, негизинен, жайылма сүйлөмдө да сакталат" - деп берилген проф. А.Имановдун эмгегинде (А.Иманов: 1976).

Баш мүчөлөрдүн мындай орун алуусу эпосто да арбын:

1. Ороздунун иниси,
Анын **аты Бай болгон**.
Байдан эки **бала бар,**
Байкап кебин караңар. (С.Орозбаков «Манас», 172-б.)
2. Бай шо жерде кеп **айтат:**
Байбиче менен бай Жакып
Айтпаңар муну эсиң жок,
Бала сатып Манас деп
Пашаага берер **кезиң жок**. (С.Орозбаков «Манас», 218-б).

Сүйлөм мүчөлөрүнүн системасында сүйлөмдү уюштуруучу негизги таяныч өзөк болгон баш мүчөлөрдүн көндүм болгон орду түрк тилдеринде, анын ичинде кыргыз тилинде ээ + баяндооч багытында калыптанган.Ал эми поэзиядагы сүйлөмдөрдөгү баш мүчөлөрдүн инверсияланышы (орун алуу багытынын өзгөрүшү) кадыресе көрүнүш болуп эсептелет. Сүйлөмдүн тигил же бул элементинин инверсияга дуушар болгон бөлүгү аркылуу поэтикалык талаптар аткарылат. Сөздөрдүн орун тартибинин өзгөрүшүндө ыр эстетикалык таасир этүү күчүнө жетип, анын көркөмдүүлүгү, эмоционалдуу - экспрессивдүү маанилүүлүгү жогорулайт:

…Келе жатат Тайтору
үч жүз аттын соңунда. (С.Каралаев «Семетей», 51-б.) Бул сүйлөмдө

логикалык басым сүйлөм ээсине жасалып, ал (Тайтору) өзгөчө дааналанып, ага атайын назар салынып, угуучунун, же окуучунун көңүлүн Тайторуга гана буруп айтылгандыктан, анын маанисинин зоболосу көтөрүңкү берилген. Ага удаалаш айтылган:

"Арбак урган Тайтору

эми кайдан жүгүрдү" - деген сүйлөмдө баш мүчөлөр түз орун тартип боюнча жайгашканы менен, кекерленүү, жемелөө, наалуу маанисиндеги сөздүн (арбак урган) кошулуп айтылуусу аркылуу, тактап айтканда, аныктооч менен аныкталгыч ээнин айкашып айтылуусу аркылуу бүтүндөй айкаштын экспрессивдик да, эмоционалдык да даражасы өркүндөтүлүп, күчөтүлүп берилген. Демек, эпостогу баш мүчөлөрдүн орун алуусунун стилистикалык милдети (функциясы) алардын сүйлөм тутумунда жайгашуу багыттары боюнча гана аныкталбастан, тигил же бул баш мүчөгө айкашып айтылган лексикалык каражаттар (көркөмдүк, эмоционалдык түсү бар сөздөрдүн кошулуп айтылуусу) аркылуу да жүзөгө ашырылат.

Илимий маалыматтарга караганда, сүйлөмдөгү логикалык басым жеке сөзгө гана берилбестен, бүтүндөй сөз айкашына да жасалат. Бул мисалда "арбак урган Тайтору" деген зат атоочтук эркин сөз айкашы толугу менен көтөрүңкү маанилик басымда (логикалык басымда) айтылган.

Стилистикалык боёктуулукка ээ болууда сүйлөмдөгү сөздөрдүн орун алуу багыты ар кандай факторлордун таасири астында өзгөрөт.

Сүйлөм мүчөлөрүнүн орун алуу багытынын өзгөрүшүнө таасир тийгизген факторлордун бири - интонация. Бул оозеки кептин негизги коштоочусу жана жандуу кошумча каражаты болуп эсептелет. Сүйлөмдөгү сөздүн таасирдүү жана угумдуу касиетин, жандуулугун жаратууда кошумча каражат катары өз салымын кошот. Интонация сөздүн, сөз айкашынын, сүйлөмдүн айтылышын түрдүү түс, кошумча маани менен берүүдө негизги милдет аткарат. Кээ бир учурларда мындай жагдайларды байкайбыз. Эки айтуучу бир эле окуяны баяндап берүүдө бири көркөм интонация менен уккулуктуу баяндаса, экинчиси көрксүз айтып, супсак, эч кандай таасир этпегендей туюлат. Ошол учурда эки башка пикир пайда болот: туура, ылайыктуу интонация менен айтылган окуя жандуу, кызыктуу, көркөм, ал эми мындай интонация менен жабдылбаганы кызыксыз, тажатма жана угумдуулугу начар сезилет.

Интонация – жөн гана табыш, угулуу эмес, маанини айырмалоочу, бир максатка багытталган кубулуш. Маселен, "жок" деген сөздү айтуунун көп түрү бар, ал эми жазуунун бир эле ыгы бар", - деп эсептеген Бернард Шоу (Бернард Шоу, 1946.).

Жогорудагыдай жагдайлар эпосто да кездешет:

Айтканын угуп Чегебай
Ордунан тура калганы:
-Аккула арык, эти **жок,**
Аны жеген кишинин
Адам эмес, **бети жок.** (С.Орозбаков «Манас», 110-б.)
Анда Жайсаң кеп айтат,
Ачууланып бек айтат:
- Келген сенин жолуңда
Ушу жактын тоолору
Көргөн кишиң **жок беле?**
Алты миң аскер колуңда,

Калган сенин артыңда,
Катыла албайм, коркомун
Бала Манас баатырга
Кармап берер каруум **жок,**
Айдап берер малым **жок.** (С.Орозбаков «Манас», 196-б.).
Ал Жакыптын айлына
Алып барар алым **жок,**
Баштап барар малым **жок**. (С.Орозбаков «Манас», 218-б.).

Бул сүйлөмдөрдө **жок** деген сөз баяндоочтук милдетте, негизинен, тануу маанисинде колдонулган. 1-мисалда бети жок деген сөз тизмеги - фразеологизм. Анын эквиваленттик синоними - **уятсыз.** 2- мисалдагы **жок беле** деген сөз тизмекте кошумча модалдык суроо мааниси бар. Ушул эле сөздү (жок) интонация менен жабдуу аркылуу да керектүү, жемелөө, суроо ж.б. маанисине дуушар кылууга болот: **Жок! Жок! Жок! Жок дейм! Жок дедим, болду! Жок дейм го!?**

Интонациянын таасири менен сүйлөмдүн баш мүчөлөрүнүн орун алуу багытынын өзгөрүшүндө эки компоненттин ортосунда атайын тыным жасалат да, мурда айтылган компонентине караганда кийин айтылганына басым түшүрүлүп айтылат. Сүйлөмдүн акыркы бүткөн чеги интонация аркылуу берилет. Интонациянын сүйлөмгө тийгизген таасиринин ролу жөнүндө акад. В.В. Виноградов мындай дейт :"...интонациялык бирдик сүйлөмдүн белгиси жана маанилик бүткөн чегин билдирет". (В.В.Виноградов. 59-б.) Ал эми сүйлөмдүн аякталышынын белгиси экендиги жөнүндө проф. Д.Н. Ушаков:

"Сүйлөмдүн таза тилдик жагынын чеги интонация менен байланыштуу аныкталат," - дейт. (Д.Н.Ушаков, 92-б.)

Кандай гана сүйлөм болбосун, мейли прозада, мейли поэзияда "жаңыны" кабар кылуу үчүн колдонулат. "Жаңы" логикалык басым менен сөздөрдүн орун тартиби аркылуу берилиши тилдеги негизги каражаттардын бири болуп саналат. Эпосто баш мүчөлөрдүн инверсияланышы (орун тартибинин өзгөрүшү), негизинен, логикалык басымга байланыштуу экендиги байкалат.

1) Ээ болбой малына,
Эми келди Байыңыз
Кашкар менен Жаркендин
Как ортосу шаарына. (С.Орозбаков «Манас», 172-б.)

Бул сүйлөмдө логикалык басым сүйлөм ээсине жасалып, инверсияга дуушар болгон.

Поэзиялык чыгармалардагы ыр түзүлүшүнүн өзгөчө белгилери болуп инверсия (демейки көндүм болгон ордунун өзгөрүшү) эсептелет. Инверсия прозада жөн салды эле боло бербейт, ал белгилүү бир максатта болууга тийиш. Ал эми поэзияда бул көрүнүш (инверсия) башкача максатта (дайыма эле эмес), негизинен, уйкаштыкты берүүгө, сактоого байланышкан, ал гана эмес ошол уйкаштыкка баш ийдирилген, багындырылган болот. Ырдын уйкаштыгы, ыргактарындагы муун өлчөмдөрүн сактоо талабы акындарды, айтуучуларды инверсия кубулушун пайдаланууга алып келет. Ал эми ыр түзүлүшүндөгү кептин мүнөздүү белгилеринин бири болуп ритм (ырдын ички ченеми), рифма эсептелет.

Ритмдин жалпы стилистикалык функциясы кепке көтөрүңкү тон берет, анын эмоционалдык-экспрессивдик түсүн күчөтөт, жөнөкөй кептен көркөм кепке

көтөрөт. Бул жөнүндө Д.Н.Овсянико-Куликовский мындай дейт: "Ритм өзү эле өзгөчө лирикалык эмоцияны, ар кандай сезимдерди – таң калууну, ыракаттануу сезимдерин жаратат" (Д.Н.Овсянико-Куликовский, 10-б.). Мына ушул ритмдин "Манас" эпосундагы сүйлөмдөрдөгү баш мүчөлөрдүн инверсияланышына тийгизген таасири ачык-айкын байкалат.

1) Аты угулат Каркыра,
Артыкча башка ошо жер.
Аңыз кылат биздин эл:
Мүдүрүлөр аңгек жок;
Суур жеген кемер жок;
Каркыранын түзүндө
Нелер бар да, нелер жок. (С.Каралаев «Манас», 13-б).

Кыргыз элинин улуу мурасы болгон «Манас» эпосунда элдин салт-санаасын, үмүт-тилегин, табигатка көз карашын, эң негизгиси эл-жерин коргоо, баатырдык идея менен терең мазмунда берилген. Элдик оозеки чыграмалардын арасында «Манас» эпосу – формасы жагынан да, мазмуну жагынан да таң каларлык бай, түгөнгүс кенч.

«Манас» эпосундагы сөздөрдүн орун алуу багыттарынын стилистикалык функциясы өтө эле кеңири: эмоционалдык баяндоо, сөз маанисинин өзгөрүшү (кошумча мааниге ээ болушу, басаңдашы, күчөтүлүшү ж.б.). Мындай маанилерге ээ болушу сөздөрдүн орун тартибинин өзгөрүшүнө таасир этүүчү факторлор – логикалык басым, интонация, поэзиядагы уйкаштык, сүйлөмдүн грамматикалык түзүлүштөрү ж.б. маселелер эпос боюнча кыскача талдоого алынды.

Адабияттар:

1. Бернард Шоу Избранное. - М., 1946, 11-б.
2. Виноградов В.В. Некоторые задачи изучение синтаксиса простого предложения. Вопросы языкознания. - М., 1954, №1, 22-б.
3. Виноградов В.В. сб.Вопросы синтаксиса современного русского языка.
4. Иманов А. Эки составдуу жөнөкөй сүйлөмдөрдөгү сөздөрдүн орун тартиби. – Фрунзе: Мектеп, 1976, 5-б.
5. Овсянико-Куликовский Д.Н. Теория поэзии и прозы. – М., 1923.
6. Пешковский А.М. Русский синтаксис в научном освещении. - М.: Учпедгиз, 1956, 52-б.
7. Будагов Д.А. Очерки по языкознанию. –М.: Изд-во АН.ССР, 1953, 138-б.
8. Шапиро А.Б. Очерки по синтаксису русских народных говоров. - М.,1953, 205-б.
9. Ушаков Д.Н. Краткое введение в науку о языке. - М., 1929, 92-б.
10. Шахматов А.А. Синтаксис русского языка. - Л.: Учпедгиз, 1941.
11. Коломиец Т.В. Синтаксические отношение между словами и способы их выражение в русском, украинском языках. – Львов, 1949, 22-б.
12. Щерба А.В. Преподавание иностранных языков в средней школе. - М., 1948, 78-79-бб.

13. Булаховский Л.А. Курс русского литературного языка. – Киев, 1952, 395-б.